КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**XXVIII чакырылышынын кезектеги №20-сессиясынын**

**2023-жылдын 16 -октябры, №100 Даркан айылы**

# Т О К Т О М У

**Даркан айыл аймагынын муниципалдык мүлкүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө**

Даркан айыл өкмөтүнүн башчысы К. Аджиевтин 2023-жылдын 16-январындагы №8 Даркан айыл өкмөтүнүн “Муниципалдык менчикте турган мүлктөргө инвентаризация жүргүзүү жөнүндө” буйругунун негизинде муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин күчөтүү, ошондой эле анын пайдаланышын көзөмөл жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамдарынын негизинде Даркан айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Даркан айыл аймагынын мүлккө муниципалдык менчик обьектилерин бекитүү реестри бекитилсин.
2. Даркан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө бекитилген тартипте төмөндөгүлөрдү камсыз кылуу жагы тапшырылсын.

а) Мүлккө муниципалдык менчик обьектилеринин реестрин ММБР мазмууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадимки иш учурунда аларды жарандар иликтөө үчүн пайдалана алгыдай болууга тийиш, ал үчүн бирдиктүү реестр айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын.

б) Жыл сайын жергиликтүү кеңешке өткөн мезгил үчүн ММБР боюнча отчет берип туруу милдеттендирилсин.

в) Жыл сайын жергиликтүү кеңешке мамлекеттик каттоодон өткөн кыймылсыз мүлктүн тизмеси боюнча отчет берип туруу жагы ФЭБнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы К. Аджиевге тапшырылсын.

**Төрагасы** **Р. Иязалиев**